КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 99 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын сактап, аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 14-августундагы № 27-19633 тапшырмасын , Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы № 54 “Үй-бүлөлүк майрамдарды жана аза салттарын тартипке келтирүү чаралары жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын карап жана талкуулап чыгып, Каракол айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын сактоо максатында айыл аймагында жайгашкан тойканаларадын, кафелердин жана эс алуучу жайлардын иши саат 22.00 токтотулсун.
2. Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын милдеттүү түрдө аткаруу боюнча айыл аймагындагы бардык тойканаларадын, кафелердин жана эс алуучу жайлардын ээлерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы К.М.Мамажановдон суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 100 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**«Андаш Майнинг Компани» ЖЧКсынын 2025-жылдын 9-июлундагы № 2 сандуу каты жөнундө**

«Андаш Майнинг Компани» ЖЧКсынын 2025-жылдын 9-июлундагы №2 сандуу каты карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 28-1-беренесинин 2-бөлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын «Жер казынасы жөнүндө» 40-беренесинин 2-бөлүгүн мыйзамына ылайык, Каракол айыл аймагынын айыл кенеши **токтом кылат**:

1. «Андаш майнинг компани» ЖЧКсына Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан берилген № АЕ 218 сандуу лицензиясына жана лицензияга караштуу № 10 лицензиялык келишиминде көрсөтүлгөн координаттык чекиттерге ылайык, 400 га жер тилкеси лицензиянын мөөнөтүнө келишимдин негизинде убактылуу пайдаланууга макулдук берилсин.
2. Жумуш башталаардан мурун компаниянын өкүлдөрү жана бийлик өкүлдөрү Каракол айыл аймагынын эли менен жыйын өткөрүп, элдин макулдугун алуу жагы белгиленсин .
3. Ушул токтомдун аткарылышы Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарба жана экология, кен казуу иштери, архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик жана кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Молдокуловго милдеттенсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 101 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**«Туран Металз» ЖЧКсынын 2025-жылдын 9-июлундагы №8 сандуу каты жонүндо**

«Туран Металз» ЖЧКсынын 2025-жылдын 9-июлундагы №8 сандуу каты каралып чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 28-1-беренесинин 2-бөлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын «Жер казынасы жөнүндө» 40-беренесинин 2-бөлүгүн мыйзамына ылайык, Каракол айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат**:

1. «Туран металз» ЖЧКсына Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан берилген № 7426 АЕ сандуу лицензиясына жана лицензияга караштуу № 2 лицензиялык келишиминде көрсөтүлгөн координаттык чекиттерге ылайык, 186,9 га жер тилкеси лицензиянын мөөнөтүнө келишимдин негизинде убактылуу пайдаланууга берилсин.
2. Ушул токтомдун аткарылышы Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарба жана экология, кен казуу иштери, архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик жана кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Молдокуловго милдеттенсин.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 102 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Каракол № 6101 , Көпүрө-Базар № 6100 жана Үч-Эмчек № 6097 участкалык шайлоо комиссияларына резервге талапкерлердин курамын бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы Каракол № 6101 , Көпүрө-Базар № 6100 жана Үч-Эмчек № 6097 участкалык шайлоо комиссияларына резервге талапкерлердин курамын карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы токтом кылат:

1. Каракол айыл аймагындагы Каракол № 6101 , Көпүрө-Базар № 6100 жана Үч-Эмчек № 6097 участкалык шайлоо комиссияларына резервге талапкерлердин курамы бекитилсин( Курам тиркелет).

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

## Каракол айыл аймагындагы № 6097 участкалык шайлоо комиссиясынын курамына резервге талапкерлер жөнүндө маалымат

| № | Аты-жөнү, фамилиясы | ИНН | Жынысы | Туулган жылы, айы күнү | Улуту | УШК нын аталышы | Иштеген жери | Жашаган дареги | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мукамбетсадыкова Айсулуу | 11109199500738 | аял | 11.09.1995 | кыргыз | Үч-Эмчек №6097 | Үч-Эмчек китепканасы | Үч-Эмчек айылы | 0502958989 |
| 2 | Эралиева Айнура Шаршенбековна | 12003198100980 | аял | 20.03.1981 | кыргыз | Үч-Эмчек №6097 | К.Каимов о.м. мугалим | Үч-Эмчек айылы | 0700610178 |

Төрага Э.Бектурсунов

# Каракол айыл аймагындагы Көпүрө-Базар № 6100 участкалык шайлоо комиссияларынын курамына резервге талапкерлер жөнүндө маалымат

| № | Аты-жөнү, фамилиясы | ИНН | Жынысы | Туулган жылы, айы күнү | Улуту | УШК нын аталышы | Иштеген жери | Жашаган дареги | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Рыскулова Жылдыз Саатбековна | 10908198201326 | аял | 09.09.1982 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.ч | С.Жумагулов-36 | 0707006179 |
| 2 | Кошоев Исмаил Аскарович | 20503198701449 | эркек | 05.03.1987 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.ч | С.Жумагулов-112 | 0703964343 |
| 3 | Жумабаев Кадырбек Сыргакович | 22508197210033 | эркек | 25.08.1972 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.ч | С.Жумагулов-19 | 0500997946 |
| 4 | Абдылдаев Анарбек Усенбекович | 20404197201102 | эркек | 04.04.1972 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.Ч | С.Камчыбек-83 | 0220640421 |
| 5 | Абдылдаева Жылдыз Султанбековна | 12710197400595 | аял | 27.10.1974 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.ч | С.Камчыбек-116 | 0707747429 |
| 6 | Сарымсаков Беккул Казыбекович | 21903196800320 | эркек | 19.03.1968 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.Ч | С.Жумагулов-176 | 0507746953 |
| 7 | Оморова Айнура Жаныбековна | 10112196800350 | аял | 01.12.1968 | кыргыз | Көпүрө-Базар №6100 | Д.ч | С.Камчыбек-56 | 0708769817 |

Төрайым А.Джумалиева

# Каракол айыл аймагындагы Каракол № 6101 участкалык шайлоо комиссияларынын курамына резервге талапкерлер жөнүндө маалымат

| № | Аты-жөнү, фамилиясы | ИНН | Жынысы | Туулган жылы, айы күнү | Улуту | УШК нын аталышы | Иштеген жери | Жашаган дареги | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Дандыбаев Бактыбек Акишаевич | 22805196601067 | эркек | 28.05.1966 | кыргыз | Каракол-6101 | Каракол муниц.ишканасы | С.Жумагулов-165 | 0705261521 |
| 2 | Жанбеков Чынтемир Нуржанович | 21006197901325 | эркек | 10.06.1979 | кыргыз | Каракол-6101 | Каракол муниц.ишканасы | С.Камчыбек-140 | 0707424859 |
| 3 | Төлөбеков Кенжебек Бөкөевич | 20711197601277 | эркек | 07.11.1976 | кыргыз | Каракол-6101 | Р.Айдаралиев орто мектеби тех.кызматкер | С.Жумагулов-127 | 0707408702 |
| 4 | Райымбекова Даражан Төлбашиевна | 1013198200166 | аял | 01.03.1982 | кыргыз | Каракол-6101 | Р.Айдаралиев орто мектеби тех.кызматкер | М.Алыбаев-55 | 0704503350 |
| 5 | Термечикова Гүлмайра Мусаевна | 10406198000866 | аял | 04.06.1980 | кыргыз | Каракол-6101 | Д.ч | С.Жумагулов-199 | 0707517602 |
| 6 | Эрназарова Наргиза Казакбаевна | 11605198201237 | аял | 16.05.1982 | кыргыз | Каракол-6101 | Д.Ч | С.Жумагулов-220 | 0500002259 |
| 7 | Абдылдаев Улан Султанбекович | 216111696700621 | эркек | 16.11.1967 | кыргыз | Каракол-6101 | Д.Ч | С.Камчыбек-85 | 0707482631 |

Төрага Б.Бейшеналиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 103 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы “Зулпухор” көрүстөнүн жергиликтүү маанидеги тарыхый маданий эстеликтердин тизмесине киргизүү жөнүндө.**

Каракол айыл аймагындагы “Зулпухор” көрүстөнүн жергиликтүү маанидеги тарыхый маданий эстеликтердин тизмесине киргизүү жөнүндөгү маалыматты угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы “Зулпухор” көрүстөнүн жергиликтүү маанидеги тарыхый маданий эстеликтердин тизмесине киргизилсин.
2. Тизмеге киргизилгендиги тууралуу маалыматты жана токтомдун көчүрмөсүн сураган тараптарга жеткирүү Айылдык кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Тилекова**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КАРАКОЛЬСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 104 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Көпүрө-Базар айылынын тургуну Сыдыкова Куралайдын көзөмөлдөөчү катары томолой жетим Сыдыков Кайратка турак-жай салууга жер участогун сурап жазган арызын карап жана талкуулап, жер боюнча кызматкер Б.Таласбаевдин маалыматтын угуп , кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылынын тургуну , томолой жетим Сыдыков Кайратка Көпүрө-Базар айылындагы Качкын уулу Ибраим көчөсүнөн 0,18 га жерди турак-жай куруу үчүн берүү боюнча Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан мыйзам талаптарын сактоо менен иш алып баруу жана аткарууга алуу жагы суралсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын төрагасы Молдокулов Б.М. жүктөлсүн.

**Төрайым Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 105 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Арал айылынын тургуну Султанмуратов Сулкарнайдын 32 дыйкандын үлүш жерин сел каптоодон сактоо үчүн арык каздыруу боюнча арызын жана керектүү курулуш материалдарын сатып алууга түзүлгөн болжолдуу сметасын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

**1.** Айыл тургуну Султанмуратов Сулкарнайдын арызы бюджеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен мыйзам чегиде каралсын.

**2.** Арыз боюнча тиешелүү документтерди топтоп, аткарууга алуунун мыйзамдуулугун кароо айылдык кеңештин сессиясына сунушттоо жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын жана бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына отурумуна сунушталсын.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы Молдокулов Б.М. жана бюджет боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы Ф.Токушевге жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 106 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы каналдарды жана сугат ишинде маанилүү арыктарды айыл өкмөтүнүн балансына алуу жана мамлекеттик каттоодон өткорүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы айыл өкмөтүнүн балансына өтө турган каналдар жана сугат ишинде маанилүү арыктар жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы төмөндөгү аты аталган каналдар жана сугат ишинде маанилүү арыктар айыл өкмөтүнүн балансына алынсын жана мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн. Алар:
   - Төш-Булак каналы , Үч-Эмчек айылы;
   - Терек лотковый каналы, Арал айылы;
   - Талды-Булак өзөнүндөгү чоң арык, Арал айылы;
   - Солто-Арык, Жаңы -Арык, Кайырма, Көл-Арык, Кумбел каналдары Көпүрө-Базар айылы;
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы Молдокулов Б.М. жүктөлсүн.

**Төрайым Э,Р.Тилекова**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 107 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Кожобергенов Мукаш Рахмановичке аксакалга Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген "Ардактуу атуулу " наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал айылынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө чоң салым кошкон, улуттук Ордо оюнунун спорт чебери **Кожобергенов Мукаш Рахмановичке** Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын .

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 108 токтому

**18- сентябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

## Медетбекова Рыс апабызга Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген “Ардактуу атуулу ” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын отурумунун сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын өсүп келе жаткан жаш муундарынын терең билим татыктуу тарбия алуусуна зор салым кошкондугу үчүн **Медетбекова Рыс апабызга** Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын .

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 109 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Кенжегулова Уулбүбү апабызга Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген "Ардактуу атуулу " наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө чоң салым кошкон, Баатыр Эне **Кенжегулова Уулбүбү** апабызга Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын .

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 110 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Мусаев Базарбек Алтымышовичке Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн **Мусаев Базарбек Алтымышовичке** Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын .

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 111 токтому**

**18- сентябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Мамбеталиев Ортокбай Назаралиевичке Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген "Ардактуу атуулу " наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал айылынын социалдык-экономикалык ар тараптан өнүгүшүнө жана муниципалдык кызматты өркүндөтүүгө кошкон зор салымы үчүн **Мамбеталиев Ортокбай Назаралиевичке** Каракол айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 112 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Мырзакматов Камчыбекке Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген “Ардактуу атуулу ” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал жана Үч-Эмчек айылдарынын өсүп келе жаткан жаш муундарынын терең билим татыктуу тарбия алуусуна зор салым кошкондугу үчүн **Мырзакматов Камчыбек** аксакалга Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын .

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 113 токтому**

**18- сентябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Бекбоев Эсенжан Сагынбаевичке Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 19-мартындагы №59 токтому менен бекитилген “Ардактуу атуулу ” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон зор салымы жана демөөрчүлүгү үчүн **Бекбоев Эсенжан Сагынбаевичке** Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын .

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 114 токтому

**18- сентябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

### Жергиликтүү бюджеттин эркин каражаты эсебинен (Каракол айылдык кеңешинин 06.08.2024-жылдагы № 53 токтому менен) Көпүрө-Базар айылына парк куруу үчүн бөлүнгөн акча каражатынын багытын өзгөртүү жөнүндө

Көпүрө-Базар айылына парк курууга бөлүнгөн акча каржатынын жетишсиздигинен бөлүнгөн акча каражатын айыл аймагынын көйгөйлүү маселелерин чечүүгө каржылоо максатында багытын өзгөртүү жөнүндө бюджеттик комиссиянын долбоорун карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылына парк курууга жергиликтүү бюджеттин эркин каражат эсебинен бөлүнгөн 4(төрт) млн сом акча каражатынын багыты бюджеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен өзгөртүлүп, айылдын төмөндөгү көйгөйлүү маселелерин чечүүгө жумшалсын. Алар:

- Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы-Арык каналын реконструкциялоого,
- таза суунун башкы курулмасын ж.б ремонтко муктаж жерлерин ремонттоо ,
- айылдагы таза суу жетпеген көчөлөргө таза суу жеткирүү;

2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

- Нур-Желеси бала бакчасынын актовый залын керектүү жабдуулар менен жабдууга 290,0( эки жүз токсон миң) сом,
- Үч-Эмчек айылынын кире беришиндеги арканы ремонттоого жана жарыктандырууга 150,0(жүз элүү миң) сом

2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 115 токтому**

**18- сентябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Жергиликтүү бюджеттин эркин каражаты эсебинен (Каракол айылдык кеңешинин 31.01.2025-жылдагы № 30 токтому менен) Үч-Эмчек айылына жүгөрү чабуучу техника жана айыл чарба техникаларына керектүү тетиктерди сатып алууга бөлүнгөн акча каражатынын багытын өзгөртүү жөнүндө**

Жергиликтүү бюджеттин ашкан каражат эсебинен Үч-Эмчек айылына жүгөрү чабуучу техника жана айыл чарба техникаларына керектүү тетиктерди сатып алууга бөлүнгөн акча каржатынын жетишсиздигинен бөлүнгөн акча каражатын айыл аймагынын көйгөйлүү маселелерин чечүүгө каржылоо максатында багытын өзгөртүү жөнүндө бюджеттик комиссиянын долбоорун карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Үч-Эмчек айылына жүгөрү чабуучу техника жана айыл чарба техникаларына керектүү тетиктерди сатып алууга жергиликтүү бюджеттин эркин каражат эсебинен бөлүнгөн 1(млн) млн сом акча каражатынын багыты бюджеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен өзгөртүлүп, айылдын төмөндөгү көйгөйлүү маселелерин чечүүгө жумшалсын. Алар:

- Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин 1-этажын жасалгалоого жана акылдуу коңгуроо ортотууга 350( үч жүз элүү) миң сом,
- Таштанды таштоочу жайды топурак менен жабууга жана жерин рекультивациялоого иштей турган айыл чарба техникаларынын күйүүчү майы жана кызмат корсөткөн акысы үчүн 100,0(жүз миң) сом ,
- айылдагы Сейталиев Салыкул көчөсүнө орнотулган карагайларды электр чубалгылары менен камсыз кылууга 110( жүз он миң) сом.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 116 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

## Айыл тургундарынын арыздарын кароо

Каракол айыл аймагынын Көпүрө - Базар айылынын вет кызматкери Айталиев Исанын кой мончонун акысын кой башына 15 сомдон бекитип берүү жөнүндогү арызын карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө - Базар айылынын вет кызматкери Айталиев Исанын арызы канаатандырылбасын
2. Көпүрө-Базар айылында койдун башынын саны көп болгондуктан жана кой мончого ижара акысын төлөбөй пайдаланып жаткандыктан кой мончого салуу наркы мурунку боюнча б.а койдун башына 12 сом боюнча калтырылсын .
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 117 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Акскалдар Сотунун төрагасынын арызын кароо**

Каракол айыл аймагынын аксакалдар сотунун төрагасы Арстанбеков Шекербектин Аксакалдар сотуна кабинет жана иш кагаздарын жүргүзүүгө канцелярдык товарлар, толук комплектиси менен компьютер сатып берүү жана райондук облустук иш-чараларга катышууга жол акысы үчүн акча каражатын кароо жөнүндөгү арызын карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Аксакалдар Сотунун мүчөлөрүнүн райондук облустук иш-чараларга катышууга жол акысы 2025-жылдын бюджеттин бекитилген сессияда каралгандыгы, Каракол айыл өкмөтүнүн кеңсесинде кызматтык бөлмөлөрдүн жетишсиздигине байланыштуу иш алып баруу үчүн Көпүрө-Базар айылында айыл өкмөтүнүн кеңсесин, Үч-Эмчек айылындагы айыл өкмөтүнүн кеңсесин көчмө отурумдарды өткөрүү үчүн пайдалануу б.а отурум өткөрүүгө айыл өкмөтүнүн башчысы кабинет менен камсыз кыла тургандыгы арыз ээсине маалымат катары берилсин.
2. Ал эми иш кагаздарын жүргүзүүгө канцелярдык товарлар, толук комплектиси менен компьютер сатып берүү жагы бюджеттин тартыштыгына байланыштуу 2026-жылдын бюджетинен каралсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

гээлдКЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 118 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Арал айылынын имамдарынын арызын кароо**

Арал айылындагы Ногой уулу Кулуш мечитинин имаратын бузуп, ордуна ( демөөрчүлөрдүн жардамы менен) заманбап мечит салууга уруксат берүү жөнүндөгү айылдын имамдарынын арызын карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айылындагы Ногой уулу Кулуш мечитинин имаратын бузуп, ордуна ( демөөрчүлөрдүн жардамы менен) заманбап мечит салууга уруксат берүү боюнча Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан КР мыйзамдарынын талаптарын аткаруу менен иш алып баруу жагы суралсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 119 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Белгилүү инсандар А.Токтогуловдун 80 жылдыгы жана К.Каимовдун 100 жылдык маарекелерин облустук жана райондук деңгээлде Каракол айыл аймагында белгилөө үчүн уюштуруу иш-чараларына акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Белгилүү инсандар А.Токтогуловдун 80 жылдыгы мааракеси облустук деңгээлде Көпүрө-Базар айылында , Касым Каимовдун 100 жылдык мааркеси райондук деңгээлде Үч-Эмчек айылында өткөрүү белгиленип жаткандыгы тууралуу депутат Б.Сулаймановдун жана депутат С.Суюнтбековдун маалыматтарын жана сунуштарын угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Белгилүү инсандар А.Токтогуловдун 80 жылдыгы мааракеси облустук деңгээлде Көпүрө-Базар айылында , Касым Каимовдун 100 жылдык мааркеси райондук деңгээлде Үч-Эмчек айылында өткөрүүгө уюштуруу иш-чараларына керектүү акча каражаты жергиликтүү бюджеттин социалдык иш-чаралар бөлүмүнөн каралсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VIII-сессиясынын № 120 токтому**

**18- сентябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Арал айылындагы К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин санитардык абалы жөнүндө**

Депутат Эсенбек уулу Нурландын Арал айылындагы К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин мектеп окуучуларына парта, стулдардын жетишсиздиги, санитардык абалы (суу чыкпагандыгы, ажаткананын иштебегендиги жана балдардын мектепке алмаштыруу үчүн кошумча бут кийим көтөрүп келгендиги тууралуу) жөнүндөгү сунушун, сын-пикирин эске алуу менен депутаттардын ой-пикирлерин угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. К.Нанаев атындагы Арал орто мектебиндеги санитардык абалды(суу чыкпагандыгын, ажаткананын иштебегендигин жана балдардын мектепке алмаштыруу үчүн кошумча бут кийим көтөрүп келгендигин) жеринде барып кароо боюнча курамына тиешелүү тармактык туруктуу комиссия мүчөлөрү кирген депутаттык комиссия түзүлүп , УКС келген өкүлдүн жана мектеп жетекчилигинин катышуусунда акт түзүлүп кийинки боло турган сессияга сунушталсын.
2. Каракол айыл аймагындагы мектептерге жана бала бакчаларга жетишпеген стол, стулдарды алып берүүгө демөөчүлүк кылуу боюнча Талды-Булак алтын кенинин чалгындоо иштерин аткарып жаткан Талас-Коппер-Гольд ЖЧК кат жолдоо жагы белгиленсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы Молдокулов Б.М. жүктөлсүн.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**